## Сабитакун Жусупбаев атындагы орто мектебинин өндүрүштүк кеңешмесинин
## № 2 токтому

27- апрель 2021- жыл Жаңы- Тилек айылы

педагогикалык кызматкерлер- 20
Катышкандар: -20
Катышпаганы:-
Өндүрүштүк кеңештин төрагасы: Чырмыев.М.Ж
катчы: Эсенбекова Д .Э.

**Күн тартибинде каралуучу маселелер:**

1.Ак-Талаа райондук билим берүү бөлүмүнүн жылдык планга ылайык 2021-жылдын 27-апрелиндеги текшерүүсүнүнүн жыйынтыгы.
2.2020-2021- окуу жылында райондук мектеп окуучулары арасында 2021-жылдын январь айында өткөрүлгөн предметтик олимпиадалардын жыйынтыгы жана олимпиадага окуучу чыгарбаган мугалимдердин маселесин кароо.
3. 2020-2021- окуу жылында Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациясын өткөрүүдө Кыргыз Респубикасынын Билим берүү министрлигин 2020-жылдын 11-майындагы №361/1 буйругун Убактылуу Жобосун тааныштыруу.
4 .Ар кандай маселелер:
1.Мектептин маалыматтык базасын толтуруу боюнча бекитилген мугалимге квартал сайын балл кошуп берүү.
2.Кыргызстан аялдар конгресссинин сыйлыгына көрсөтүү.
3.Кабинеттерди заманбап үлгүдө жасалгалоо боюнча акча каражатын чогултуу

**Угулду;**

**Күн тартибинде каралуучу 1- маселе** боюнча мектеп директору М.чырмыевдин сөзү;Урматту эже-агайлар өзүңүздөргө белгилүү болгондой Ак-Талаа райондук билим берүү бөлүмүнүн жылдык планга ылайык 2021-жылдын 27-апрелиндеги текшерүүсүнүнүн негизинде бир топ кемчиликтерди белгиледи.Бул текшерүүгө Ак-Талаа райондук билим берүү бөлүмүнн башчысы; Эсеналиев Каныбек Алтымышович, методикалык кабинеттин башысы Сатындиева Чынар Айылчиевна, башкы адис Нурманбетова Гүлмайрам Моңолдоровна катышты.Англис тили сабагынын мугалими Керменова Чолпондун сабагына катышып мугалим кыргызча көп сүйлөп көрсөтмөлүү сабак өткөн жок .5-апрелде Көчөрова Гулеляга англис тил сабагынан баа коюлуп калган предметтик мугалимдер жоктоп кж кылган.Конспектисинин максаты туура эмес коюлган. Кыргыз тили жана адабияты сабагынын мугалими Эсенбекова Диана синтаксистик талдоону туура эмес жүргүзгөн. Онлайн окуу убагында баалар аз санда коюлган. Математика жана алгебра сабагынын мугалими Сапаңова Аксананы конспектиси тайкы жазылган деген кемчиликтерди белгиленди.Жалпы эле муглимдердин конспектилери тайкы жазылып мамлекеттик стандартка жооп бербейт деп кошумчаланган.Урматтуу эже -агайлар төмөндөгү кемчиликтерди кетирген мугалимдер жооп бериңиздер. Чолпон эже турунузчу жогорудагы кемчиликтер туурабы? Ооба туура.5-апрелде мен баа койгом менин сабагыма катышкан.Экинчи сааттан баштап үйүнө ооруп кетиптир.Калган предметтик мугалимдер жоктоптур.Ошол күнкү окуучуларды каттоо журналында ал кыз жоктолбоптур.Конспектилерибиз боюнча бардык англис тилчилердики бирдей түзгөнбүз. Диана турунузчу жогорудагы айткан кечиликтер туурабы?Ооба агай онлайн убагында сентябрь айында эки сабакка баа коюлбай калыптыр.Текшерүү келгендеги мен өткөн 8- класска мурун мен сабак бербейт элем .Алтынчач эженин сабагын заменге алгам.Өзүм да сүрдөп калдым. Аксана турунузчу ошол күнкү конспектиңиз эмнеге аз жазылган? Мен мурунку эски типтеги конспектини колдонуп жүргөм.Ошол конспектилер стндартка жооп бербейт деди.Сабактагымды көрсөтмөлүү өттүм.Мээрим эже предметтик мугалимдердин конспектилерин 3-майга чейин бирдей стандарттык формага өткөрүңүз!

**Күн тартибинде каралуучу 2- маселе боюнча** 2020-2021- окуу жылында райондук мектеп окуучулары арасында 2021-жылдын январь айында өткөрүлгөн предметтик олимпиадалардын жыйынтыгы жана олимпиадага окуучу чыгарбаган мугалимдердин маселесин кароо боюнча окуу бөлүмүнүн башчысы М.Кудайбергенованын билдирүүсү: Жолдош мугалимдер райондук олимпиадада алгебрадан ,орус тилинен жана кыргыз тилинен окуучулар жакшы балл

алышты.Калган географиядан,физикадан,химиядан ,тарыхтан, англис тилинен, биологиядан окуучулардын баллы начар болуп калды.Информатикадан такыр эле окуучу катышкан жок. Алтынчач эже айтыңызчы ? эмне себептен мындай болду.Окуучулар чынында онлайн окуудан келип,даярдатууда кыйналдык.Экинчи биздин методика жетишсиз болуп калат экен.Сырттан көп окутуш керек экен акчасын төлөп. Мектептен даярдаганыбыз менен сырттан окуганга жетпейт экен. Буюрса кийинки жылы башкача даярдайбыз. Мектеп директору Чырмыев Мирбектин сөзү:- Жолдош мугалимдер бул кылганыбыз уят иш. Күздөн бери эле айтып келдик окуучуларды жакшы даярдагыла деп,болгон мүмкүнчүлүктөрдү түзүп бердик .Жыйынтыгы ушул болду сиздерге наразымын.Былтыркы жылы макталып, быйылкы окуу жылында артка кеттик.Былтыркы окуу жылында окуучу чыгып,быйылкы окуу жылында чыкпай калганы жаман болду.Информатикадан эмнеге окуучу катышпай калды айтчы Жалил.Агай убагында ШакировНурматты даярдагам.Мына барабыз дегенде мен информатикага катышпайм деп географияга катышам деп барып алды. Жолдош мугалимдер мындай болбойт .Кийинки жылы 1ден окуучу тандап Бишкекке окутасыздарбы же Нарынга окутасыздарбы жыйынтык бериңиздер.Эгер кийинки жылы жыйынтык чыгарбасак катуу чара көрүлөт.Эки жылдын көрсөткүчү менен олимпиаданын жыйынтыгын чыгарышты.

**Күн тартибинде каралуучу 3- маселе** боюнча окуу бөлүмүнүн башчысы М.Кудайбергенованын билдирүүсү: 2020-2021- окуу жылында Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациясын өткөрүүдө Кыргыз Респубикасынын Билим берүү министрлигин 2020-жылдын 11-майындагы №361/1 буйругун Убактылуу Жобосунун негизинде жүргүзүлөт.Бул Убактылуу Жободо X жана XI класстардын окуучулары азыркы кырдаалга жараша Жыйынтыктоочу мамлекеттик экзамендерди тапшырышпайт.Окуучуларга предметтик комиссиялар түзүлүп, ошол комиссиялар окуучулардын чейректик жыйынтыктарын карап чыгып тиешелүү баа коп беришет.Бул милдет комиссия курамына жүктөлөт.Бул Убактылуу Жобону колуңуздарга берем окуп таанышып коюңуздар.Окуу жылы 2021-жылдын 25-майында жыйынтыкталат.

1. Жалпы жоболор
2. Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациялоонуөткөрүүнүн жумушчу органдарынын функциялары
3. Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациялоонун катышуучулары.Окуучулардын жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациялоого катышуу тртиби
4. Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациялоону өткөрүү мөөнөтү жана тартиби
5. Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациялоону өткөрүүнүн процедурасы
6. Апелляцияларды кабыл алуу жана карап чыгуу
7. Бүтүрүүчүлөрдү сыйлоо

**Күн тартибинде каралуучу 4- маселе ар кандай маселелер:**

**1.**Мектеп директору М.Чырмыевдин билдирүүсү: Урматтуу эмгек жамаат өзүңүздөр көргөндөй кабинеттерди жана залды жасалгалоо азыркы замандын талабы болуп жатат. Биз азыртадан акча каражатын чогултуп кабинеттерди жасалгалап баштасак кандай болот.Бир кабинет 8000 сомго жасалгыдай экен.Б.Мүсүралиева атындагы орто мектеби жасалгаланыптыр. Сиздердин оюңуздар кандай? Койчуманова Алтынчачтын сөзү:-Мен туура эле көрөм, анткени кабинеттер баннер менен жасалган бойдон. Залды азыркы мезгилге ылайык жасап алдык.Ушул сыяктуу кылып кабинеттерди жасап алалы.Кыргыз тилчилер биригип бир кабинетти жасайлы макулмун.Сатыбалдиева Тилебүбүнүн сөзү:-Негизи туура эле, биз да Гүлбарчын экөөбүз кабинетибизди жасайлы. Сагындыкова Айтбүбүнүн сөзү:- Биз да башталгыч класстын мугалимдери кабинеттерибизди жасайлы.Ошондо экиден мугалим биригп жасатсак жакшы болот экен.

2.Кыргызстан аялдар конгрессинин сыйлыктарына мугалимдерден көрсөтүү боюнча окуу бөлүмүнүн башчысы М.Кудайбергенованын сөзү; Жолдош мугалимдер мугалимдерге “Ардактуу мугалим” “Эл сыймыгынын ээси”, “Ментор на трех языках” аттуу сыйлыкка көрсөтөлү. “Ардактуу мугалим” наамына Сагындыкова Айтбү эжени ,“Эл сыймыгынын ээси” наамына Сатыбалдиева Тилек эжени, “Ментор на трех языках” наамына Керменова Чолпон эжени сунуш кылам. Койчуманова Алтынчачтын сөзү:-Мен туура эле көрөм, анткени бул эжелер бул сыйлыкка татыктуу жаштары да туура келет. Турсунова Жылдыздын сөзү:-Мен да кошулам, анткени бул эжелер бул мектептин ардагер мугалимдери болуп калды.

Мектеп директору М.Чырмыевдин билдирүүсү: Урматтуу эмгек жамаат өзүңүздөр билгендей мектептин маалыматтык базасын М.Кудайбергенова киргизип,иштеп жаткан.Бул боюнча атайын буйрук келди. Мектептин маалымат базазын киргизип жаткан мугалимдерге квартал сайын балл

берип колдоо көрсөтүү жөнүндө кандай кылып балл беребиз. Койчуманова Алтынчачтын сөзү:-Администрацияга өзүнчө балл берилет да ошондон берсеңер болот экен.Бешөөңүздөр бирден балл берсеңиздер болот го.Сатыбалдиева Тебүбүнүн сөзү;Туура айтасын секциялардан бергенге болбойт го.Анда бардык секциялар бериш керек. Турсунова Жылдыздын сөзү:-Мен да кошулам жогорудагы эжелерге анткени бардык секциялар берсек көп болуп кетет экен.Ошондуктан администрациянын баллынан бериңиздер.

**Жогорудагыларды угуп жана талкуулап өндүрүштүк кеңеш токтом кылат.**

1. Сабитакун Жусупбаев атындагы орто мектебине Ак-Талаа райондук билим берүү бөлүмү тарабынан келген текшерүүнүн жыйынтыгы менен Ч.Керменовага,Д.Эсенбековага жана А.Сапаңовага жогорудагы кемчиликтерди тез аранын ичинде жоюу милдеттендирилсин.
2. Текшерүүнүн жыйынтыгында жогорудагы кемчиликтерди кетиргендиктери үчүн Ч.Керменовага, Д.Эсенбековага жана А.Сапаңовага «Катуу эскертүү» тартиптик чарасы берилсин.
3. 2020-2021- окуу жылында райондук мектеп окуучулары арасында 2021-жылдын январь айында өткөрүлгөн предметтик олимпиадада жакшы балл алган кыргыз тили, алгебра жана орус тили предметти мугалимдерине " Эскертүү " тартиптик чарасы берилсин.
4. 2020-2021- окуу жылында райондук мектеп окуучулары арасында 2021-жылдын январь айында өткөрүлгөн предметтик олимпиадада жакшы балл албай калган Биология, химия,физика, тарых, география, информатика сабагынын предметтик мугалимдерине "Катуу эскертүү " тартиптик чарасы берилсин.
5. 2020-2021- окуу жылындагы Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациясын өткөрүүдө Кыргыз Респубикасынын Билим берүү министрлигин 2020-жылдын 11-майындагы №361/1 буйругун Убактылуу Жобосунун негизинде жүргүзүлсүн
6. Убактылуу Жобону мугалимдерге, окуучуларга жана ата-энелерге тааныштыруу жагы окуу бөлүмүнүн башчысы М.Кудайбергеновага милдеттендирилсин
7. Мектептин маалыматтык базасын компьютерге киргизип жаткандыгы үчүн 2021-жылдын 2- кварталынан баштап М.Кудайбергеновага мектеп администрациясы тарабынан 4 балл кошулуп берилсин.
8. Кыргызстан Аялдар конгрессинин сыйлыктарына "Ардактуу мугалим" наамына Сагындыкова Айтбү эжени ,"Эл сыймыгынын ээси" наамына Сатыбалдиева Тилек эжени, "Ментор на трех языках" наамына Керменова Чолпон эже сунуш кылынсын.
9. Кабинеттерди демөөрчүлүк катары акча каражатын чогултуп, заманбап үлгүдө жасалгалоо жагы кабинет башчыларына милдеттендирилсин.

Өндүрүштүк кеңештин төрагасы: Чырмыев М.Ж.

катчы: Эсенбекова Д.Э.